**Айдана Дека — Сезим менен**

*Обону: Аскарбеков Амир*
*Сөзү: Асанбеков Мирлан*

Сен жигитсиң кыздардын сезимдери менен ойногон,
Сен жигитсиң көп акча баарын чечет деп ойлогон.
Темир тулпар алдыңда, колуңда кымбат телефон,
Чөнтөгүндө Бенжамин бар, жок эле дегенде ондогон.
Сага жагам дегендер, тимеле басат гериле,
Күнүгө жазат бериле.
Бир он беш жолудай кеминде,
А сен аларды карабайсың го бирин да албай теңиңе.
Карасаң да тандайсың аябай өзүңдү коюп бийикке
Эмнеге?
Жаныңда болууга
Тартылат кызгалдак кыздар,
Кебимде сага айтар, терең маани бар.
(Оу) Маани бер сезимдерге,
Маани бер мамилеге.
Бакыт балын сезгин келсе.
(Оу) Сен, каалагандын баарына эле,
Акча менен жетем дебей,
Сүйүү жолун дайым изде.
Адамдагы сезимдери тебелеген эң жаман,
Тагдырың өзү жазалап коёт бирөөнүн көңүлүн оорутсан.
Балким, алыс эмес күндөр сен сүйүү тилеп самаган,
А мүмкүн жолугат байлыгыңды эмес,
сенин өзүңдү баалаган.